**«МАКУЛДАШЫЛДЫ»**

Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин кызматкерлеринин Жамааттык жыйыны

05.09.2024-ж. № 67-1 протоколу

**«БЕКИТИЛДИ»**

Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин директору

_____________ Б. И. Исмаилов

Буйрук №2/0101, 05.09.2024- ж.

# БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫН ЖАНА ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО БОЮНЧА ЧЕЧИМДЕРДИ КАБЫЛ АЛУУ ЭРЕЖЕЛЕРИ ТУУРАЛУУ ЖОБО

1. Билим берүү программаларын жана уюмдарды аккредитациялоо чечимдерин Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин (ББПУАА) алдындагы Аккредитациялык кеңеш (АК) кабыл алат. Улуттук аккредитация боюнча чечимдердин укуктук негизин Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 15-майындагы №246 Токтому «Билим берүү тармагындагы аккредитациянын талаптары жана критерийлери» түзөт, ал эми эл аралык аккредитацияда – эл аралык стандарттар жана тажрыйбалар, ББПУАА алдындагы Аккредитациялык кеңеш тууралуу Жобо жана ушул Жобо түзөт.
2. АК жыйындары ББПУАА директорунун демилгеси менен зарылчылыкка жараша чакырылат. Жыйын алдында АК мүчөлөрүнө аккредитациядан өтүп жаткан программалар же уюмдар боюнча тышкы баалоо комиссияларынын отчеттору электрондук почта аркылуу жиберилет. Зарыл болгон учурда билим берүү уюмдарынын жетекчилери жыйынга чакырылышы мүмкүн. Жыйындар айрым зарыл болгон учурда онлайн режиминде да өткөрүлүшү мүмкүн.
3. Тышкы баалоо боюнча баяндамачылар — бул эксперттик комиссиялардын төрагалары. Алар катыша албай турган учурда, эксперттик комиссиянын бир мүчөсү же тышкы баалоого катышкан ББПУАА референти баяндамачы болушу мүмкүн.
4. АК аккредитация тууралуу чечимди эксперттик комиссиянын төрагаларынын баяндамаларынын негизинде кабыл алат.
5. АК жыйынын кеңештин төрагасы алып барат, ал болбогондо — анын орун басары алып барат. ББПУАА директору кеңештин чогуу алып баруучусу болуп саналат, бирок добуш берүүгө катышпайт. Ал катыша албай турган учурда орун басары же кеңешчиси алмаштырат.
6. Аккредитациялык чечим АК мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Эгер добуштар тең чыкса, төраганын добушу чечүүчү болуп саналат.
7. АК жогорку медициналык билим берүү программаларынын жана уюмдарынын эл аралык аккредитациялоо боюнча чечим Дүйнөлүк медициналык билим берүү федерациясы (WFME) менен макулдашылган критерийлер жана стандарттар, ошондой эле ББПУАА жоболорунун негизинде кабыл алынат.
8. Тышкы баалоонун жыйынтыгы боюнча Агенттиктин Аккредитациялоо кеңеши төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алат:

- аккредитациянын бардык стандарттарына шайкеш келген учурда 5 жылга аккредитациялоо;
- аккредитациянын бир стандартына шайкеш келбеген учурда 3 жылга аккредитациялоо;
- аккредитациянын эки стандартына шайкеш келбеген учурда 1 жылга аккредитациялоо;
- үч же андан көп аккредитация стандарттарына шайкеш келбеген учурда аккредитациялоодон баш тартуу.

9. Эгер эл аралык аккредитация биринчи жолу өткөрулүп жатса (бүтүрүүчүлөр жок болсо), чечим 3 жылдан ашпаган мөөнөткө кабыл алынат.
10. Эгер билим берүү уюму чечим менен макул болбостон, жазуу жүзүндөгү арыз менен кайрылган учурда, АК аккредитациялык ишти кайра карайт. Бул ББПУАА апелляция жана даттануулар боюнча комиссиясы тууралуу жобого ылайык жүргүзүлөт. Кайра каралган чечим акыркы болуп саналат жана даттанууга жатпайт.
11. Аккредитациядан кийинки мониторинг:
    - 1 жылга аккредитацияда – 1 жылдан кийин,
    - 3 жана 5 жылдык аккредитацияда – 2 жылдан кийин жүргүзүлөт.

    Мониторинг белгиленген мөөнөттөн мурда жүргүзүлүшү мүмкүн. Эгер мониторингдин жыйынтыгы канааттандырарлык болбосо, агенттик бул тууралуу Улуттук аккредитациялык кеңешке (УАК) билдирет.
12. Эл аралык аккредитацияда, эгер аккредитациядан кийинки мониторинг жыйынтыктары канааттандырарлык болбосо, АК эскертүү, токтотуу же аккредитацияны кайтарып алуу чечимин кабыл алууга укуктуу. Комиссия көрсөткөн эскертүүлөрдү жоюу мөөнөтү 6 айдан ашпоого тийиш.

**С.М. Мамбеталиева** **Директордун орун басары**